**2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттигинде жана анын түзүмдүк, ведомстволук бөлүмдөрүндө бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө отчет**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-жылга аудитордук иш планына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-жылдын 27-октябрындагы № 09-1/703, 704, 29-октябрындагы №718 жана башка буйруктарына ылайык, аудитор П.С. Батировдун жетекчилиги менен мамлекеттик инспекторлор К. Зайналов (топтун жетекчиси), Б. Парпиев, С. Утуров жана башкы мамлекеттик инспектор М. Нусупов тарабынан 2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттигинде жана анын түзүмдүк, ведомстволук бөлүмдөрүндө бюджеттин аткарылышына шайкештик аудити жүргүзүлгөн.

**Жооптуу тарап жана аудит субъектиси**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттиги жана анын түзүмдүк, ведомстволук бөлүмдөрү.

***Эскертүү:***

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 11-февралындагы ПЖ №42 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ишинин айрым маселелери жөнүндө” Жарлыгы менен, Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине караштуу Дене тарбия жана спорт департаментинин базасында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттиги (мындан ары – Агенттик) түзүлгөн.

**Жооптуу тараптын милдеттери**

Агенттиктин жетекчилиги мамлекеттик каражаттарды башкарууга жана мыйзам чыгаруу органы тарабынан берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууга, ошондой эле ушул аудиттин предмети үчүн жоопкерчиликтүү.

**Аудитордун жана аудитордук топтун милдеттери**

Аудитордун жана аудитордук топтун милдеттери Агенттиктин жана анын ведомстволук мекемелеринин иши аудиттин критерийлерине ылайык келүүсүнө, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде өз алдынча корутундуларга келүү болуп саналат. Аудит, корутундуларды тастыктоо жана жетиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесипкөй чечимине, анын ичинде алдамчылыктын же катанын кесепетинен жол берилген олуттуу тобокелдиктерге баа берүүгө көз каранды. Аудит, чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган

корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу болуп саналат деп эсептейт.

**Аудиттин предмети**

Аудиттин предмети болуп, Агенттиктин укук белгилөөчү ченемдик укуктук актыларда бекитилген максаттарга жана милдеттерге жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык келиши эсептелет.

Аудиттин көлөмүнө киргизилген маселелер:

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудиттеринин жыйынтыктары боюнча берилген жазма буйруктардын жана сунуштамаларынын аткарылышын талдоо;

- бюджеттик каражаттардын жана атайын эсептик каражаттардын кирешелеринин жана чыгашаларынын сметаларынын аткарылышын талдоо;
- мамлекеттик сатып алууларды талдоо;
- ченемдик укуктук актыларга ылайык эмгек акыга жана башка төлөмдөргө, штаттык ырааттаманын туура түзүлүшүнө жана эмгек акы фондунун түзүлүшүнө аудит;
- кассалык жана казыналык операцияларга аудит; - командировкалык чыгымдарга отчет берүүчү жактар менен эсептешүүлөргө аудит;
- негизги каражаттарга жана товардык-материалдык баалуулуктарга, так отчеттуулук бланктарына, ТМБнын ченемден ашыкча запастарына жана эсептөөлөрдөгү каражаттарга аудит;
- транспорттук каражаттардын лимиттеринин сакталышын жана транспорттордун пайдаланылышына аудит;
- ижара мамилелерине аудит;
- дебитордук жана кредитордук карыздардын пайда болушуна аудит; бюджет жана Социалдык фонд менен эсептешүүлөрдүн абалын талдоо;
- бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун абалын баалоого.

**Аудиттин критерийлери**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;

Кыргыз Республикасынын Салык кодекси;

“Салыктык эмес кирешелер жөнүндө” Кыргыз Республикасынын кодекси;

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ № 266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгы;

“Мамлекеттик сатып алуулар” жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамы:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Министрлер Кабинетинин токтомдору:

- 2022-жылдын 30-мартындагы №185 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Дене тарбия жана, спорт мамлекеттик агенттигинин мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө";

- 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө";

- 2022-жылдын 30-мартындагы № 181 "Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө";

- 2022-жылдын 1-августундагы №433 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө";

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2024-жылдын 19-мартындагы №123 "Он үчүнчү эмгек акыны эсептөөнүн тартибин бекитүү жөнүндө";

- 2008-жылдын 26-августундагы № 471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө";

- 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө";

- 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу";

- 2024-жылдын 12-июнундагы №304 "Мамлекеттик органдардын жана алардын ведомстволук мекемелеринин мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүнүн бирдиктүү реестрин бекитүү жөнүндө";

- 2000-жылдын 26-октябрындагы №637 токтому менен бекитилген, Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартиби;

- 2020-жылдын 17-июлундагы №385 "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө";

- 2021-жылдын 24-сентябрындагы №183 "Мамлекеттик мүлктү ижарага, чарба жүргүзүүгө, ыкчам башкарууга, акысыз убактылуу пайдаланууга берүү тартибин регламенттөөчү маселелер жөнүндө" токтому жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча Жобону бекитүү жөнүндө буйругу ж.б.

**Аткарылган иштерди кыскача баяндоо**

Аудит тарабынан, Агенттиктин тармактык саясатты ишке ашыруу боюнча функцияларды аткарууга бөлүнгөн каражаттарды пайдалануу жана финансылык отчетту түзүү боюнча функцияларды камсыздаган мыйзам талаптарына туура келе турган маселелер изилденген.

Аудит өзүнө, бюджеттик каражаттар менен атайын эсептин каражаттары ченемдик актыларга ылайык жүргүзүлгөндүгүн тастыктаган корутундуну, жетиштүү жана талаптагыдай далилдерди алуу үчүн жол-жобону камтыйт.

Аудит, чогултулган аудитордук далилдер, ушул отчетто жазылган корутундулар жана сунуштар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн, жетиштүү жана талаптагыдай деп эсептейт.

**Аудит мезгилине карата каржылоону бөлүштүрүүчүлөр болуп, төмөндөгүлөр эсептелген:**

- *биринчи кол коюу укугу менен*:

Директорлор: А.Т. Абдымомунов 2025-жылдын 1-октябрына чейин, К.И. Молдажиев 2025-жылдын 1-октябрынан азыркы күнгө чейин; -

-*экинчи кол коюу укугу менен* башкы бухгалтер К.М. Иманкулова бүтүндөй аудит мезгилине карата.

**Корутунду**

Аудит тарабынан жүргүзүлгөн иш-чаранын натыйжасында, төмөнкү жазылган жагдайларды кошпогондо, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттиги тарабынан бюджеттин аткарылышы маанилүү аспекттеринде мыйзам талаптарына (белгиленген аудиттин критерийлерине) шайкеш келээри аныкталды.

**Мурдагы аудиттердин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйруктарынын жана сунуштамаларынын аткарылышы**

2021-жылга жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы менен 2023-жылдын 16-мартындагы №01-20/13 жазма буйругу жөнөтүлгөн, 21-пункту (1 пункт) аткарылган эмес (“Ш. Сыдыков атындагы республикалык спорт колледжи боюнча: Дебитордук карыздарынын абалы жана мөөнөтүнөн өткөн (ишенимсиз) дебитордук карыздардын түзүлүшүнө жол бербөө үчүн көзөмөл күчөтүлсүн жана дебитордук карыздарды кайтаруунун чаралары көрүлсүн, “Аалам Курулуш” ЖЧКсынан - 302,7 миң сом”;

-2022-2023-жылдарга жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы менен 2025-жылдын 26-мартындагы №01-20/20 жазма буйругу жөнөтүлгөн, 39 пункттун ичинен 37 пункту аткарылган, 1-пункту аткарылган эмес жана 69-пункту жарым жартылай аткарылган, калдыгы 151,4 миң сом

Сунуштамалардын бардык пункттары аткарылган.

Эскертүү каты жөнөтүлөт.

**Аудит субъектисине кыскача мүнөздөмө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 17-апрелиндеги №210 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттиги жөнүндө Жобого ылайык, Агенттик дене тарбия жана спорт чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы болуп саналат. Агенттиктин максаты - Кыргыз Республикасында дене тарбия жана спортту өнүктүрүү болуп эсептелет.

Милдеттери - өлкөнүн калкынын дене тарбия жана спорт менен машыгуусу үчүн шарттарды түзүү жана андан ары өркүндөтүү; өлкөнүн эл аралык спорттук кадыр-баркын түзүү жана бекемдөө ж.б.

Агенттикттин түзүмүндө борбордук аппараты, Дене тарбия жана спорт боюнча аймактык органдары, “Кыргыз спорт-ден соолукту чыңдоо медицинасы борбору” мамлекеттик ишканасы жана ведомстволук мекемелери бар.

**Бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасынын жана атайын эсептеги каражаттардын аткарылышы**

Агенттикти каржылоо “Кыргыз Республикасынын 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” жана “Кыргыз Республикасынын 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Мыйзамдарына ылайык жүргүзүлгөн.

2024-жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдардын сметасы 1 747 057,0 миң сомго бекитилген, киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен 531 573,6 миң сомго такталып, чыгымдар 2 278 630,6 миң сомду түздү. Кассалык чыгымдар 2 221 331,7 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгымдар 2 105 714,0 миң сомду түзгөн. Такталган чыгымдардан кассалык чыгымдар 57 298,9 миң сомго аз жүргүзүлүп, бюджетке кайтарылган, кассалык чыгымдар менен иш жүзүндөгү чыгымдардын айырмасы 115 617,6 миң сомду түзгөн, себеби, жылдын башындагы дебитордук жана кредитордук карыздардын, атайын эсептин каражаттарынын калдыктарынын жана жылдын аягында негизги каражаттардын балanска алынышы.

*Эскертүү:*

*2024-жылдын аягында Жалал-Абад шаарындагы “Олимпиадалык резервдин региондук мектеби” мекемесинде курулуш-куроо иштерине Кыргыз Республикасынын Президентинин фондунан 75 230,7 миң сом бөлүнгөн, курулуш иштери бүтө электигине байланыштуу аудит жүргүзүлгөн эмес*

2024-жылдын 1-январына карата атайын эсептеги каражаттардын калдыгы 1 575,9 миң сомду, иш жүзүндө түшкөн кирешеси 12 298,7 миң сомду түзгөн, бул 19 676,8 миң сомго пландаштырылган көрсөткүчтөрдөн 7 378,1 миң сомго аз. Бюджеттин кирешесине 1 259,8 миң сом жана башка төлөмдөргө 100,0 миң сом которулган, жалпы киреше 10 938,9 миң сомду түзгөн.

Кирешелер негизинен спорт аянттарын ижарага берүүдөн түшөт.

Чыгымдар 19 676,8 миң сомго бекитилген, 21 252,7 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 10 795,4 миң сомду, 2024-жылдын 31-декабрына карата атайын эсептеги каражаттардын калдыгы 1 719,4 миң сомду түзгөн.

**Эмгек акыга төлөмдөр**

**Аныкталды жана корутунду**

Агенттиктин мамлекеттик кызматкерлерине эмгек акыга төлөмдөрдү эсептөөнүн шарттары Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгы менен жөнгө салынган.

Агенттиктин борбордук аппаратынын кызматкерлерине аталган Жарлыктын шарттарында каралбаган, эмгек акы төлөө фондунун үнөмдөлгөн каражаттарынын эсебинен **2 303,2 миң сомго** сый акылар жана **398,0 миң сомго** камсыздандыруу төгүмдөрү эсептелген, жалпы сумма **2701,2 миң сомду** түзөт.

**Сунуштама**

Укуктук ченемдик актыларда каралбаган сый акы төлөмдөрүнө жол берилбесин.

Эмгек акы төлөмдөрү Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгына ылайык келтирилсин.

**Аныкталды жана корутунду**

**Спорттун олимпиадалык эмес түрлөрү боюнча дирекциясында**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 114-беренесин бузуу менен кызматкерлердин дем алыш күндөрүндө иштегендиги үчүн жетекчинин буйругу жок эмгек акыга төлөмдөр 90,6 миң сомго жүргүзүлгөн.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 67-беренесине ылайык, кызматкерлерди дем алыш күндөрүндө ишке тартуу.

**Аныкталды жана корутунду**

**Ош шаардык дене тарбия жана спорт комитетинде** Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 99-беренесин бузуу менен айкалыштырып иштегендиги үчүн эмгек акы 0,25 ставкага 5,1 миң сом ашык эсептелген (бюджетке которулган).

**Сунуш**

Айкалыштырып иштөө Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 57-беренесине ылайык белгиленсин.

**Аныкталды жана корутунду**

**Ш. Сыдыков атындагы республикалык спорт колледжинде**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №185 “Маданият, искусство, маалымат жана спорт мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө токтомунун 10-тиркемесинин 7. Машыктыруучу-окутуучулук курамдын кызматтык маяналарына үстөк акылардын өлчөмдөрү бөлүгүндө каралган 5-пунктка ылайык, 2024-жылы ***“Спорт боюнча машыктыруучу-окутуучулардын кызматтык маяналары жыл ичинде жогорку натыйжаларды көрсөткөн спортчуларды даярдагандыгы үчүн”*** машыктыруучуларга 5 455,7 миң сом айлык маянага кошумча эсептелип которулуп берилген. Ошону менен бирге 7-тиркеменин эскертүүсүнүн 2-абзацына ылайык, ***жогоруда көрсөтүлгөн натыйжаларга жетишкен спортчулардын тизмеси дене тарбия жана спорт чөйрөсүндөгү республикалык ыйгарым укуктуу орган тарабынан бекитилет.*** Иш жүзүндө айлык маянага кошумча эсептөөдө, спорттук түрлөрү боюча федерациялардан же болбосо, спорттук олимпиада түрлөрү боюнча федерациялардан жана атайын спорттук мектептерден берилген маалымат каттын негизинде эсептөөлөр жүргүзүлгөн.

**Сунуш**

**Агентикке**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №185 “Маданият, искусство, маалымат жана спорт мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө токтомунун 10-тиркемесиндеги 7. Машыктыруучу-окутуучулук курамдын кызматтык маяналарына үстөк акылардын өлчөмдөрү бөлүгүндө каралган 5-пунктка ылайык, натыйжаларга жетишкен спортчулардын тизмелери өз убагында түзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

**Спорттун кышкы жана оюн түрлөрү боюнча балдар-өспүрүмдөр спорттук мектебинде**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №185 “Маданият, искусство, маалымат жана спорт мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө токтомунун 3-пунктуна ылайык, 2024-жылга эмгек акы фонду түзүлгөн, анын ичинде маянага кошуп айкалыштырып иштегендиги, эмгек стажы жана мыйзам менен каралган ар бир спорттук имарат үчүң 10% үстөк акылары эсептелет. Аудит 5 кызматкердин эмгек акысын төлөп берүүдө, бир бирдиктин окладына эмес, 1,5 бирдиктин окладына жогоруда белгиленген үстөк акылар ашыкча 226,5 миң сомго, социалдык төлөмдөр 39,1 миң сомго эсептегендигин аныктаган.

**Агентикке**

**Сунуш**

Ведомстволук мекемелерде үстөк акы төлөмдөрүн белгилөө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №185 "Маданият, искусство, маалымат жана спорт мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары" жөнүндө токтомунун 3-пунктуна ылайык келтирилсин.

**Спорттун кышкы жана оюн түрлөрү боюнча балдар-өспүрүмдөрдүн спорттук мектебинде**

Ашыкча төлөмдөргө жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Агенттикте Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин Бюджеттердин кассалык аткарылышы 106-беренесинин 10-пунктун бузуу менен, Агенттик тарабынан пайдаланылбаган бюджеттик каражаттардын калдыктары, республикалык бюджеттин эсебине которулган эмес. "Стипендия" беренеси (2821) боюнча 2024-жылы 70 869,0 миң сом спортчулардын эсептерине которулган. Аудит учурунда Кыргызстан банкы ААКсы менен салыштыруу актысы түзүлүп, Агенттиктин банктык эсебинде 2024-жылдын 31-декабрына карата 40,0 миң сом калдык калганы аныкталган.

**Сунуштама**

Аудитти жыйынтыктоо учурунда, республикалык бюджетке 40,0 миң сом которулгандыгы эске алынсын (2026-жылдын 3-февралында №39505774 төлөм тапшырмасы)

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 106-беренесинин 10-пунктуна ылайык, жылдын аягында пайдаланылбаган каражаттардын өз убагында кайтарылышы камсыздалсын.

**Аныкталды жана Корутунду**

Агенттиктин 2024-жылга бухгалтердик балансында 29 948,8 миң сомго 2023-жылы сатылып алынган медициналык жабдуулар катталган. Аудит учурунда жабдуулар ишке киргизилбегендиги жана айрым бөлүктөрүнүн жараксыз абалда тургандыгы аныкталган. Аталган жабдуулар боюнча Башкы прокуратура тарабынан 2025-жылдын 7-июлунда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттигине №03-150-2025-000046 кылмыш иши козголуп, 2026-жылдын 23-январында Бишкек шаарынын Биринчи Май райондук сотунун айыптоо өкүмү чыккан.

**Сунуш**

Иштин өндүрүштөн токтотулгандыгын тактап, тиешелүү мамлекеттик органдардын макулдашуусу менен медициналык жабдууларды пайдалануу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

2024-жылдын 17-февралынан 2-мартына чейин Бишкек шаарындагы "Газпром-балдарга дене тарбия ден соолукту чыңдоо комплексинде" эл аралык спорттук мелдештерди өткөрүүдө 2215 "Башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу" беренеси боюнча "NBN Group" ЖЧКсы (сынактын

жеңүүчүсү) менен товарларды жана кызматтарды сатып алуу үчүн 2024-жылдын 15-февралындагы №5 кызмат көрсөтүүлөргө контракт түзүлгөн. Контракттын ажырагыс бөлүгү болуп, №1 тиркеме эсептелет (*тиркемеде 5 пункт, анын ичинде орнотуу жана демонтаж, кең форматтагы баннерлерде тариздөөлөр, килем, авиа билеттер, трансфер, мейманканаларга жайгаштыруу каралган*). Контрактта белгиленген кызмат көрсөтүүлөрдүн суммасы 2 453,9 миң сомду түзөт жана ушул суммага Аткаруучунун бардык чыгымдары кирет. Контрактта белгиленген иш-чараларды аткаруу үчүн, 2024-жылдын 28-февралындагы №131 төлөм тапшырмасы менен 2 453,9 миң сом “NBN Group” ЖЧКсына которулган, анын ичинен 12 “МатчТВ” каналынын өкүлдөрүнө авиа билеттерди сатып алуу үчүн (Москва шаарынан Бишкек шаарына келүү, Бишкек шаарынан Москва шаарына кайтуу каттамдарына) 300,0 миң сом (12х25,0 миң сом) каралган. Бирок, каралган чыгымдардан сырткары, “МатчТВ” каналынын өкүлдөрүнүн авиа билеттерине жогоруда аталган контракттын жалпы суммасынан 10 % 245,4 миң сомго кошумча 2024-жылдын 28-февралында №8 келишим түзүлгөн.

2024-жылдын 29-февралында №140 төлөм тапшырмасы менен, NBN Group” ЖЧКсына 245,4 миң сом которулуп берилген. Жыйынтыгында, авиа билеттерге каралган чыгымдар негизсиз жогорулатылган (аудит учурунда республикалык бюджеттин эсебине которулду).

Мындан сырткары, мейманкана чыгымдарын 4 күнгө (төлөп берүү каралып, 409,9 миң сом (12х8540 сом) которулган. Бирок, иш жүзүндө 28-февралдан 2-мартка чейин 3 күн мейманкана чыгымдары төлөнүүсүн аудит тастыктаган, жыйынтыгында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун “Чыгымдарды эсепке алуу” бөлүгүн бузуу менен, өкүлчүлүк чыгымдарын эсептөө катасынан улам, ашыкча 102,5 миң сом төлөм жүргүзүлгөн (аудит учурунда республикалык бюджеттин эсебине которулду).

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун “чыгымдарды эсепке алуу” бөлүгүнүн аткарылышы камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду**

2024-жылдын 17-февралынан 2-мартына чейин Бишкек шаарындагы “Газпром-балдарга дене тарбия ден соолукту чыңдоо комплекси” муниципалдык ишканасынын имаратында 19 жашка чейинки жаш уландар жана кыздар арасында спорттук мелдештер уюштурулган. Спорттук мелдеш өтүүчү залга 890,0 миң сомго 1000 чарчы метр килем (ковролин) төшөлгөн.

Агенттик килемдин 1 чарчы метрин 890 сомдон “NBN Group” ЖЧКсынан (сынактын жеңүүчүсү) сатып алган. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясын бузуу менен килемди сатып алуу, каралган 3112 “Машиналар жана жабдуулар” беренесинин ордуна 2215 “Башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу” беренесинен чыгымдалган.

“Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун “негизги каражаттарды таануу бөлүгүн бузуу менен, аудит жүргүзүү мезгилине 1000 чарчы метрлүү килем мекеменин бухгалтердик балансында катталбастан, 2024-жылдын 3-мартынан тартып жогоруда аталган муниципалдык ишкананын пайдалануусунда калганы аныкталган.

2026-жылдын 16-февралында кириш актысы түзүлүп, эсепке алынган.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Финансы миңистрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы №5-б "Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясын бекитүү жөнүндө" буйругу менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясына ылайык чыгымдар жүргүзүлсүн.

2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун “негизги каражаттарды таануу бөлүгүн аткаруу камсыздалсын жана “бухгалтердик эсепти жүргүзүүгө негизги талаптар” бөлүгүнө ылайык, тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомунда белгиленген ченемдерден ката эсептөөнүн жана чыгымдардын тастыктаган документтерисиз түзүлүшүнүн жыйынтыгында, командировкалык төлөмдөр ашыкча жүргүзүлгөн. Агенттиктин Борбордук аппаратында -38,3 миң сом (15,5 миң сом республикалык бюджетке кайтарылды), Жалал-Абад областтык дене тарбия жана спорт башкармалыгында -6,8 миң сом (бюджетке кайтарылды), Ош областтык дене тарбия жана спорт башкармалыгында -36,0 миң сом.

Мындан сырткары, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча” жобонун “чыгымдарды эсепке алуу” бөлүгүн бузуу менен жатакана, жол кире акы, тамак-аш чыгымдарын тастыктаган документтерисиз төлөмдөр жүргүзүлгөн, алар: Баткен областтык дене тарбия жана спорт башкармалыгында - 6,9 миң сом (ордуна коюлган), Лейлек райондук балдар жана өспүрүмдөр спорт мектебинде – 6,3 миң сом, Кадамжай райондук балдар жана өспүрүмдөр спорт мектебинде - 5,7 миң сом,

Ноокат райондук балдар жана өспүрүмдөр спорттук мектебинде - 7,2 миң сом (бюджетке кайтарылды), Спорттун олимпиадалык эмес түрлөрү боюнча дирекциясында – 30,5 миң сом (9,0 миң сом республикалык бюджетке которулду), Спорттун олимпиадалык түрлөрү боюнча дирекциясында - 27,0 миң сом, Спорттун улуттук түрлөрү боюнча дирекциясында - 399,0 миң сомго, “Тайманбас” олимпиадалык резервдеги адистештирилген балдар-өспүрүмдөр мектебинде - 11,0 миң сом, Олимпиадалык резервдин региондук мектеби - 29,2 миң сом (бюджетке кайтарылды), Өзгөн райондук балдар жана өспүрүмдөр спорт мектебинде - 8,7 миң сом (бюджетке кайтарылды), Р. Санатбаев атындагы адистештирилген балдар-өспүрүмдөр олимпиадалык резерв мектебинде - 22,2 миң сомго (бюджетке кайтарылды), Талас областтык дене тарбия жана спорт башкармалыгында -17,8 миң сом (бюджетке кайтарылды), Ш. Сыдыков атындагы республикалык спорт колледжинде - 128,3 миң сом, Спорттун кышкы жана оюн түрлөрү боюнча балдар-өспүрүмдөрдүн спорттук мектебинде - 94,9 миң сом.

**Сунуш**

Командировкалык чыгымдардын ордун толтуруу, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 4-декабрындагы № 778 “Иш сапардык чыгымдардын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби” жөнүндө токтомуна жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча” жобонун “чыгымдарды эсепке алуу” бөлүгүнө ылайык жүргүзүлсүн.

Ашыкча жүргүзүлгөн командировкалык чыгымдарга (окуучулардын тамак-ашы, жатаканасы жана жол киреси бар) төлөмдөр республикалык бюджеттин эсебине которулсун:

- Агенттиктин Борбордук аппаратында - 22,8 миң сом,
- Ош областтык дене тарбия жана спорт башкармалыгында - 36,0 миң сом, -Лейлек райондук балдар жана өспүрүмдөр спорт мектебинде- 6,3 миң сом; Кадамжай райондук балдар жана өспүрүмдөр спорт мектебинде - 5,7 миң сом, Спорттун олимпиадалык эмес түрлөрү боюнча дирекциясында -21,5 миң сом, Спорттун олимпиадалык түрлөрү боюнча дирекциясында-27,0 миң сом, Спорттун улуттук түрлөрү боюнча дирекциясында - 399,0 миң сом, “Тайманбас” олимпиадалык резервдеги адистештирилген балдар-өспүрүмдөр мектебинде - 11,0 миң сом, Ш. Сыдыков атындагы республикалык спорт колледжинде - 128,3 миң сом, Спорттун кышкы жана оюн түрлөрү боюнча балдар-өспүрүмдөрдүн спорттук мектебинде - 94,9 миң сом.

**Алыш-бериш эсептериндеги каражаттарга жана ТМБнын ченемден ашык запастарына, товардык-материалдык баалуулуктарга жана негизги каражаттарга аудит**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген, “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттардын калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” нускамада каралган, 2024-жылдын жыйынтыгы менен товардык-материалдык баалуулуктардын ашыкча запастарын - 5751,1 миң сомго жана дебитордук карыздарды - 6951,2 миң сомго эсепке алуу жүргүзүлгөн эмес, анын ичинде: төмөндөгү мекемелерде: Агенттикте товардык-материалдык баалуулуктардын ашыкча запастары - 4823,6 миң сом жана дебитордук карыздар - 6951,2 миң сом; Спорттун олимпиадалык оюндардын түрлөрү жана спорттун-массалык иш-чараларды өткөрүү боюнча “Жаштык” дирекциясында ашыкча запастар - 58,4 миң сом; Спорттук курулмалар жана спорттук камсыздоо башкармалыгы" мамлекеттик ишканасында - 712,2 миң сом, "Ынтымак" олимпиадалык резервдеги адистештирилген балдар-өспүрүмдөр мектебинде - 98,5 миң сом, Нарын областынын дене тарбия жана спорт башкармалыгында - 58,4 миң сом.

Мындан сырткары, Агенттиктин көп жылдык өндүрүлбөгөн дебитордук карызы 2 130,0 миң сомду (сотко өткөрүлгөн) түзөт.

**Сунуш**

2024-жылдын жыйынтыгы боюнча товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастары 5751,1 миң сомго жана 6951,2 миң сомго дебитордук карыздардын болушунун себептерин талдоону жана 2025-жылдагы өздөштүрүүсүн эске алуу менен каржылоону сунуштайт.

Дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча Агенттик тарабынан тиешелүү иштер жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

**Олимпиадалык резервдин региондук мектебинде (Манас ш.)**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 8-главасы “Милдеттенмелерди эсепке алуу” бөлүгүн бузуу менен, 553,2 миң сомдук кредитордук карыз баланста көрсөтүлгөн эмес. 2024-жылга Социалдык фондго төлөмдөр (17,25%) 1 709,0 миң сомго эсептелинген, иш жүзүндө 1 155,8 миң сом которулган, калдыгы 553,2 миң сомду түзгөн.

**Сунуш**

Жылдын аягына калган кредитордук карыздар талдансын жана 2025-жылга бухгалтердик эсепке алынгандыгы көзөмөлдөнсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

**Спорттун улуттук түрлөрү боюнча дирекциясынын** бухгалтердик эсеп боюнча “Темир Канат” ЖЧКсына 2014-жылдын сентябрь айында эсепке алынган (А 22 формасы) **14613,5** миң сом мөөнөтүнөн өткөн кредитордук карызы бар. Кредитордук карыздар Ыссык-Көл районунун Бактуу-Долоноту

айылындагы Ипподромду реконструкциялоо жана оңдоо иштеринин алкагында пайда болгон.

**Сунуш**

Бухгалтердик эсептеги **14613,5 миң сом** кредитордук карыз тактaлсын. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 8-главасы “милдеттенмелерди эсепке алуу” бөлүгүнүн аткарылышы камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду**

**Спорттун олимпиадалык оюн түрлөрү жана спорттук-массалык иш-чараларды өткөрүү боюнча “Жаштык” дирекциясында** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы №85 “Мамлекеттик органдардын жана алардын ведомстволук мекемелеринин мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүнүн бирдиктүү реестрин (тизмесин) бекитүү жөнүндө” токтомунун 2/1-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын монополияга каршы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы менен макулдашылбастан, Дирекция тарабынан 166,6 миң сомго акы төлөнүүчү кызматтар көрсөтүлгөн.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июну №304 “Мамлекеттик органдардын жана алардын ведомстволук мекемелеринин мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүнүн бирдиктүү реестрин бекитүү жөнүндө” токтомуна ылайык, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрине кирбеген акы төлөнүүчү мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүгө жол берилбесин.

**Агентикке**

Аталган токтомдо белгиленген 2-пунктка ылайык, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрине кирбеген акы төлөнүүчү мамлекеттик кызматтарды көрсөткөндүгү үчүн, тиешелүү кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 14-ноябрындагы “2023-2024-жылдарга карата бюджеттик уюмдардын жеке керектөөлөрүнө электр, жылуулук энергиясынын жана жаратылыш газынын лимиттерин бекитүү жөнүндө” биргелешкен буйругунун 1-пункту менен бекитилген тиркемеде (23.4 п.) аныкталган лимиттерден ашыкча чыгымдоолор төмөндөгү мекемелерде аныкталган: **Спорттун олимпиадалык оюн түрлөрү жана спорттук-массалык иш-чараларды өткөрүү боюнча “Жаштык” дирекциясында** электр энергиясы 56,8 миң сом, **Спорттук курулмалар жана спорттук камсыздоо” башкармалыгы мамлекеттик ишканасында** 645,2 миң кВт/саат электр энергиясы 2309,8 миң сом, **Ш.**

**Сыдыков атындагы республикалык спорт колледжинде -** электр энергиясы -125,9 мин сом, жылуулук энергиясы - 1 953, 4 мин сом.

**Ш. Сыдыков атындагы республикалык спорттук колледжинде –** муздак сууга болгон төлөмдөр иш жүзүндө 222,8 мин сомго ашык чыгымдалган.

**Сунуш**

Ведомстволук мекемелердин энергия ресурстарына жана муздак сууга керектөөлөр, бекитилген лимиттердин негизинде жүргүзүлсүн.

**Агентикке**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 5-апрелиндеги №158-т тескемесинин 7-пунктуна ылайык, жогорудагы мекемелердин жетекчилеринин жоопкерчиликтери каралсын.

**Негизги каражаттардын жана ТМБнын сакталышы**

**Аныкталды жана корутунду**

**Нарын областтык дене тарбия жана спорт башкармалыгында** инвентаризациялоонун жыйынтыгында, 2024-жылдын 31-декабрына бухгалтердик эсепте негизги каражаттар эсебинде ГАЗ-31029 маркасындагы 10-11 НА номерлүү 1993-жылы чыгарылган автомашинасы калдыксыз баа менен катталгандыгы аныкталган. Бирок, иш жүзүндө автомашина жок. Аудитке толук документтерин бере алышкан эмес.

**Аныкталды жана корутунду**

**Спорттун улуттук түрлөрү боюнча дирекциясында** инвентаризациялоонун жыйынтыгында 27,9 миң сомдук негизги каражаттардын жетишпестиги аныкталган.

**Сунуш**

**Агентикке**

Негизги каражаттардын жана ТМБнын сакталышы көзөмөлгө алынсын.

**Нарын областтык дене тарбия жана спорт башкармалыгында** негизги каражаттар эсебинде калдыксыз баасы менен катталган ГАЗ-31029 маркасындагы 10-11 НА номерлүү 1993-жылы чыгарылган автомашинага документтери такталып ордуна коюу боюнча иш чаралар жүргүзүлсүн.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун “активдерди жана финансылык милдеттенмелерди инвентаризациялоо” бөлүгүнүн талаптарынын аткарылышы камсыздалсын.

**Спорттун улуттук түрлөрү боюнча дирекциясында** 27,9 миң сомдук жетишпестиктер ордуна коюлуп, республикалык бюджеттин эсебине которулсун.

**Аныкталды жана корутунду**

Ысык-Көл районундагы Бактуу-Долоноту айылындагы Ипподром реконструкцияланып, факты жүзүндө кайрадан курулгандыгына байланыштуу (2014-2016-жж), Дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттигинин

2023-жылдын 4-майындагы №5-01-26/807 каты менен, Ипподромдун реконструкцияланышынын алкагында түзүлгөн документтери бар учурда, бухгалтердик эсептеги негизги каражаттар бөлүгүндө (тиркемелеринде) 2023-жылдын 1-жарым жылдыкты жыйынтыктоодо өзгөртүү киргизүүнү зарылдыгын сунуштаган.

Аудит учурунда**, Спорттун улуттук түрлөрү боюнча дирекциясынын** бухгалтердик эсеби боюнча реконструкцияланган Ипподромдун баасы 87 203,5 миң сомду түзөт, жыйынтыгында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун “Негизги каражаттардын балансынан чыгаруу тартиби” бөлүгүн бузуу менен өзгөртүүсүз калтырылган.

**Сунуш**

Бухгалтердик эсеби боюнча каттоодогу баасы 87 203,5 миң сомду түзгөн Ысык-Көл районундагы Бактуу-Долоноту айылындагы реконструкцияланган Ипподром боюнча документтер такталсын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун негизинде бухгалтердик эсептеги негизги каражаттар бөлүгүнө ылайык талдансын, жыйынтыгында белгиленген тартипте өзгөртүүлөр киргизилүүсү каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

**Ш. Сыдыков атындагы республикалык спорттук колледжинде**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 17-апрелиндеги №210 токтому менен, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттигинин Башкаруу схемасы бекитилген, ага ылайык, Ш. Сыдыков атындагы Республикалык спорттук колледжи Агенттиктин мекемеси катары белгиленген.

Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 31-мартындагы № 178 токтому менен бекитилген, “Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндөгү” жобонун 6-бөлүгүнүн 56-57-пункттарын бузуу менен, 30 календардык күндүн ичинде Республикалык спорттук колледж кайра каттоодон өткөн эмес.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген, “Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндөгү” жобого ылайык мамлекеттик кайра каттоодон өтүү зарыл.

**Аныкталды жана корутунду**

**Спорттун кышкы жана оюн түрлөрү боюнча балдар-өспүрүмдөрдүн спорттук мектебинде**

2024-жыл ичинде машыктыруучулардын жоопкерчилигине, анын ичинде окуучулардын тамак-ашы үчүн 485,7 миң сом которулган. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун “Чыгымдарды эсепке алуу” бөлүгүн бузуу менен, тамак-аш үчүн берилген чыгымдар баштапкы документтер менен толук тастыкталган эмес, авансттык отчетторго окуучулардын кол койгон тизмелери гана тиркелген.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун “Чыгымдарды эсепке алуу” бөлүгүнүн аткарылышы камсыздалсын.

Спорт мектебинин жетекчилигинин түшүндүрмө катын эске алуу менен, окуучулардын жатаканасына сарпталган чыгымдарын тастыктоочу баштапкы бухгалтердик документтерин толуктоо боюнча иш-чаралар кыска мөөнөттө аткарылсын. Тастыктоочу баштапкы бухгалтердик документтерин толуктоо иштери аткарылбай калган мезгилге карата жооптуу кызматкерлердин эсебинен 485,7 миң сом ордуна коюлсун жана жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Мамлекеттик сатып алуулар**

**Аныкталды жана корутунду**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (2022-жылдын 1-апрелиндеги №27 редакциясында) 9-беренесинин 2-пунктунун 1-пунктчасын бузуу менен, 48 123,8 миң сомдук сатып алууларга кулактандырууну жарыялоонун алдында төмөндөгү мекемелерде: сатылып алынуучу товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн рыногуна мониторинг жүргүзүлбөгөндүгү аныкталган: **Ош обласстык дене-тарбия жана спорт башкармалыгында -** 117,2 миң сом; **Өзгөн райондук Балдар жана өспүрүмдөр спорт мектебинде -** 60,0 миң сом, **Спорттун улуттук түрлөрү боюнча дирекциясында -**47 946,6 миң сом.

Мындан сырткары, **Спорттун улуттук түрлөрү боюнча дирекциясында** аталган Мыйзамдын 17-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3-пунктун бузуу менен, 1 555,0 миң сомго (2215-чыгымдар беренесинен 200,0 миң сомго чейин уруксат берилген) жана 17-берененин 3-бөлүгүнүн 1-пунктун бузуу менен 1120,0 миң сомдук бир булактан методу аркылуу сатып алуулар жүргүзүлгөн.

**Сунуш**

Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө бузууларга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

**Спорттун кышкы жана оюн түрлөрү боюнча балдар-өспүрүмдөрдүн спорттук мектебинде жогоруда аталган** Мыйзамдын 48-беренесинин 1-пунктун бузуу менен, сатып алууларга түзүлгөн контракттарды алып баруу, тескөө, сатып алуулар чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларда белгиленген талаптарга ылайык жүргүзүлгөн эмес. Кызматтардын жана жумуштардын аткаруу мөөнөттөрү каралбай же каралган учурда кечиктирилип аткарылгандыгы үчүн туумдардын эсептелбегендиги жана баштапкы документтердин милдеттүү маалымат даректери жок түзүлгөндүгү аныкталган.

Жумуштарды сатып алууда сынактын жыйынтыгы менен:

**-“Чатырды оңдоо” жумуштарын аткарууга** *(№241101475779053 жарыя, суммасы 2 406,0 миң сом, котировкаларды суратуу методу менен квалификациялык талаптарга ылайык келүү критерийи тандалган, катышуучулардын саны - 4*) “Секлорум” ЖЧКсы менен 2024-жылдын 11-ноябрындагы №29 контракт 2 173, 5 мин сомго түзүлгөн.

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү Мыйзамдын 26-беренесинин 3-бөлүгүн бузуу менен квалификациялык талаптарында белгиленген жумуштардын аткаруу мөөнөтү 20 иш күн ордуна контрактта 30 күн каралган. Аталган Мыйзамдын 48-беренесинин 2.1-пунктун бузуу менен, аткарылган иштерди кабыл алуу актыларында айы, күнү көрсөтүлбөгөндүгүнө байланыштуу жумуштардын мөөнөтүндө аткарылгандыгы белгисиз.

Мындан сырткары, контрактта көрсөтүлгөн жумуштарга 2024-жылдын 12-декабрында №33 кошумча 185,0 миң сомго контракт түзүлгөн. 2024-жылдын 5-декабрында 1 521,0 миң сом жана 18-декабрында 652,5 миң сом аткаруучунун эсебине которулган.

**- “Жылытуу системаларды, канализация жана суу түтүктөрдү оңдоо иштерин” аткарууга** *(№241011472271516 жарыя, суммасы 2 984,8 мин сом, котировкаларды суратып алуу методу, катышуучулардын саны - 4*) “Асман Билдинг” ЖЧКсы менен 2024-жылдын 29-октябрындагы №28 контракт 2 690,0 миң сомго түзүлгөн. Жарыяланган оңдоо иштеринин аткаруу мөөнөттөрү 15 календардык күн белгиленгени менен, контрактта аткаруу мөөнөттөрү көрсөтүлгөн эмес. Аткарылган иштердин кабыл алуу актысында 2024-жылдын 25-ноябры көрсөтүлгөн. Бирок, жогоруда көрсөтүлгөн Мыйзамдын 48-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, иштерди аткаруу мөөнөттөрү тиешелүү көзөмөлгө алынган эмес, 2024-жылдын ноябрында датасы жок 267,7 мин сомго кошумча келишим түзүлгөн, ал эми, иштерди аткарган актысында 2024-жылдын декабрында датасы жок болгону менен тиешелүү кызматкерлердин колдору коюлган.

**- “Эшик, айнектерди (терезелерди) орнотуу” иштери боюнча** *(№241009471941898, жарыя, суммасы 3 222,1 миң сом, котировкаларды суратып алуу методу, катышуучулардын саны -* 2) “Ак Бата” ЖЧКсы менен 2 954,9 мин сомго 2024-жылдын 22-октябрында №24 контракт түзүлгөн.

Жарыяланган терезелерди орнотуу иштеринин аткаруу мөөнөтү 15 календардык күн деп белгиленгени менен, контрактта аткаруу мөөнөттөрү көрсөтүлгөн эмес.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун бухгалтердик эсептеги документ жүгүртүү бөлүгүн жана негизги каражаттарды эсепке алуу эсеби бөлүгүн бузуу менен, баштапкы документтер маалым дректери жок таризделген, ошондой эле аткарылган иштердин кабыл алуу актысында 2024-жылы деп, бирок күнү - айы көрсөтүлгөн эмес. Аткаруучу тарабынан № 068 төлөөгө эсеп 2024-жылдын 23-декабрында берилген.

-**“Административдик имаратты ондоо иштери”** (№241216484190230, жарыя, суммасы 3 315,9 миң сом, котировкаларды суратуу методу, катышуучулардын саны - 11) “Три А Кей Джи” ЖЧКсы менен 2 315,9 мин сомго, 2024-жылдын 24-декабрында №34 контракт түзүлгөн. Жеңүүчү “Три А Кей Джи” ЖЧКсы 2 315,9 миң сом (демпингдик баа) сунуштаган, пландалган баадан 20%га аз болгондуктан Мыйзамдын 24-беренесинин 1-пунктуна ылайык, Мекеме “товарларды сатып алууда сунуш кылынган баанын негиздемесин жана берүүчүнүн сунушунда көрсөтүлгөн шарттарда катышуучунун контрактты аткаруу жөндөмдүүлүгүн” сураганда айрым товарлардын сертификатын берүү менен гана чектелген.

Иштердин аткаруу мөөнөтү 5 календардык күн деп белгиленгени менен, контрактта аткаруу мөөнөттөрү көрсөтүлгөн эмес.

Жогоруда аталган Жобонун бухгалтердик эсептеги документ жүгүртүү бөлүгүн жана негизги каражаттарды эсепке алуу эсеби бөлүгүн бузуу менен, баштапкы документтер маалым дректери жок таризделген, ошондой эле аткарылган иштердин кабыл алуу актысында 2024-жыл деп, бирок күнү-айы көрсөтүлгөн эмес. 2024-жылдын 31-декабрындагы №172 төлөм буйрутмасы менен “Три А Кейджи” ЖЧКсынын эсебине 2 315,1 мин сом которулган.

- **“Административдик имаратты ондоо иштери”** (№241216484190230, жарыяланган суммасы 3 315,9 миң сом жана “ДЮСШнын имаратын “капиталдык ондоо иштери”, жарыяланган суммасы 4 946,6 миң сом, аткаруу иштери түзүлгөн контрактта капиталдык ондоо деп түзүлүп, сатып алууда колдонуучу методу туура эмес колдонулган.

**- “Көгүлтүр отту камсыздоо системасын реконструкциялоо” боюнча** 2024-жылдын 4-декабрында мамлекеттик сатып алуу порталында жарыяланган, аткаруу иштеринин суммасы 468,1 мин сом, документтерди тапшыруу мөөнөтүндө катышуучулар жок болгондугуна байланыштуу, сынак өткөн жок деп табылган, аталган Мыйзамдын 28-беренесинин 4-пунктун бузуу менен, сатып алуу жол-жоболорун кайра карабастан туруп, мекеме 2024-жылдын 19-декабрында “Газ энерджи” ЖЧКсы менен 400,0 миң сомго түз келишим түзгөн.

**Сунуштар:**

**Агентикке**

Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө бузууларга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Спорттун кышкы жана оюн түрлөрү боюнча балдар-өспүрүмдөрдүн спорттук мектебине**

Жумуштарды сатып алууларга түзүлгөн келишимдерде каралган милдеттенмелерин мөөнөтүндө аткарылбагандыгы үчүн, айыптык төлөмдөрдү талап кылуу маселеси каралсын.

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын бузуу менен, товарларды, жумуштарды жана кызматтарды сатып алууга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун бухгалтердик эсептеги документ жүгүртүү жана негизги каражаттарды эсепке алуу эсеби бөлүктөрүнүн аткарылышы камсыздалсын.

**Ш. Сыдыков атындагы республикалык спорт колледжинде**

2024-жылда малдын этин сатып алууга өткөрүлгөн сынактардын натыйжасында, “Рейна-Кенч” дыйкан чарбасы менен 4 жалпы суммасы 13 009,0 мин сомго келишимдер түзүлгөн. Ошону менен бирге:

№ 240109422551699 жарыяланган конкурс боюнча жеңүүчү тарабынан квалификациялык талаптарга документтер жетиштүү тапшырылган эмес, мисалы: а) “мал союлуучу цех менен келишим жана ишкерликти тастыктоочу патенти”; б) бруцеллез менен ящурга серологиялык сыноонун протоколу эски берилген, 2023-жылдын 2-февралындагы акт менен тастыкталган; г) сатып алуучу эттин сертификаттары.

№ 240212426990525 жарыяланган конкурс боюнча жеңүүчү тарабынан квалификациялык талаптарга жооп берген документтердин толук эместиги аныкталган: а) “лоттогу белгиленген суммадан кем эмес тажрыйбасы бар тастыктоочу 2 ден кем эмес келишимдер”- тастыктоого берилген келишимдерде көрсөтүлгөн суммалары жарыяда көрсөтүлгөн суммадан аз; б) бруцеллез менен ящурга серологиялык сыноонун протоколу эски 2023-жылдын 2-февралындагы акт менен тастыкталган; в) “мал союучу цех менен келишим жана ишкерликти тастыктоочу патенти” жок.

Натыйжада Мекеме тарабынан жогорудагы аталган сатып алууларда аталган Мыйзамдын 26-беренесинин 3-4-пункттарын бузуу менен, *берүүчүлөрдүн квалификациялык маалыматтары сатып алуу жөнүндөгү документтерде баяндалган квалификациялык талаптарга ылайык бааланган эмес.*

№ 240818461939254 жарыяланган конкурс боюнча “Эрмек балаке” дыйкан чарбасы тарабынан тапшырылган документтерде жеке ишкер

“Сыдыков” жана мал союлуучу цехи менен союу боюнча келишим тиркелгенине карабай, Сатып алуу боюнча комиссиясы “мал союлуучу цех менен келишим жок” деген тыянак чыгарган, ошондой эле конкурстун жеңүүчүсү сунуштаган баадан 106,5 мин сомго аз сунуштагандыгы да эске алынган эмес.

№ 240709454802888 жарыяланган конкурс боюнча “Баняны учурдагы оңдоого” чыгымдардын суммасы 2 075,0 миң сомго “Капитал кж” ЖЧКсы менен 2024-жылдын 18-июлунда контракт түзүлгөн.

Конкурстук 3.6-пунктуна ылайык, иштердин аткаруу мөөнөтү, келишим кол коюлган күндөн тартып 30 календардык күн белгиленген. Иштерди кабыл алуу актысы 2024-жылдын 18-октябрында 60 календардык күнгө кечиктирүү менен түзүлгөн. Жогорудагы жагдайларга байланыштуу, Мекеме тарабынан аталган Мыйзамдын 47-беренесинин 2-бөлүгүн бузуу менен, келишимдин шарттарында 5.6 - пунктта каралган милдеттенмелерин мөөнөтүндө аткарбагандыгы үчүн 41,5 миң сом айыптык төлөмдөр талап кылынган эмес.

**Сунуштар:**

**Агентикке**

Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө бузууларга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Ш. Сыдыков атындагы республикалык спорт колледжинде**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын бузуу менен, товарларды, жумуштарды жана кызматтарды сатып алууга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын жана укуктук баа берүү үчүн укук коргоо органдарына тиешелүү материалдар жөнөтүлсүн.

Келишимдин шарттарында 5.6-пунктта каралган милдеттенмелерин мөөнөтүндө аткарбагандыгы үчүн 41,5 миң сом айыптык төлөмдөр талап кылынсын.

**Аудитор** **П.С. Батиров**